# КЫРГЫЗ КЫЗДАРЫ

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Эдил Маматов

Керме каштуу селкилерге сунуп урматын,
“Кыргыз кыз” деп жар салат ырчы Нурматың.
Жыгылсам таяган,
Жалооруп аяган,
Жылдыздуу пери кыз болчу курдашым!

КАЙЫРМА:
*Жүрөгүмдүн ооругансып турат туш жагы,*
*Жетпей сага көңүл чиркин канча сыздады?*
*Ажары ченелбес,*
*Айга да теңелбес,*
*Ааламда эң сулуу кыргыз кыздары!*

Каректеритаң сыяктуу атса кылайып,
Кылыгынан эркелеген таппайм бир айып.
Кайыңдай суналган,
Кымча бел, буралган,
Кыргыздынбир кызы мага ылайык...

Сен жылмайсаң уялгансыйт көктө күн дайым,
Ууртундагы уячаңа сүйүүм сунайын.
Козгогон сезимди,
Кыргыз кыз өзүңдү,
Апама алпарып келин кылайын!